| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТИЛЕКТЕШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XXII сессиясынын**

# Т О К Т О М У

23.07.2026. № 22/4 Жаңы-Турмуш айылы

**2026-2027-жылдардын күз-кыш мезгилине карата айыл аймагындагы мекемелердин жана социалдык объекттердин даярдыгынын абалы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 27-34-беренелерине ылайык, күз-кыш мезгилине карата айыл аймагындагы мекемелерди, социалдык объекттерди даярдыгынын абалын кароо жөнүндө айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматын угуп жана талкуулап, Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XXII сессиясы **токтом кылат**:

1. Айыл аймагындагы мекемелердин, социалдык объектилердин 2026-2027-окуу жылына карата даярдыгы, мекеме-ишканалардын оңдоп-түзөө иштеринин абалы, кышка карата даярдыгы боюнча аткарган иштери кемчиликтерди эске алуу менен канаттандыраарлык деп табылсын.
2. Айрым кемчиликтерди ушул жылдын 25-августуна чейин жоюу айыл өкмөт башчысына тапшырылсын.
3. Мекемелерде жана ишканаларда электр энергиясын үнөмдөө максатында мүмкүнчүлүккө жараша сарамжалдуу пайдалануу иш аракеттерин мекеме жетекчилери жана мектеп директорлору көзөмөлгө алышсын.
4. Мекеме-ишканалардын, мектептерге жана калкка көмүр жеткирүү боюнча иштер алдын ала уюштурулсун, түзүлгөн келишимдерге ылайык көмүр тартып келүү иш аракеттери өз учурунда жүргүзүлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөттүнө милдеттендирилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык саясат боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Төрөшев**